**“БЕКИТЕМИН”**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин ректору, техника илимдеринин доктору, профессор **К.Ж.Усенов**

______________________________

“___”______________________2021-ж.

Тажибаева Уркия Кочкоровнанын “XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” деген темада “13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы” (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й  П И К И Р И**

**Илимий жетекчи** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Ишкеев Назаркул Ишкеевич.

Иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык иститутунун кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кафедрасында аткарылган.

**Изилдоонүн актуалдуулугу.** XXI кылымдын башталышында, ага чейин эле мектеп окуучуларынын билим алууга, анын ичинде адабий эстетикалык маданиятын өркүндөтүүгө, корком адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талаш-тартышка түшүп кабылданбай калды.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 89 “10” 09 2021

Улуу «Манас» эпосу сыяктуу теңдешсиз поэтикалык эстеликти жараткан элдин азыркы жаштарынын басымдуу бөлүгү ыр түрүндөгү чыгармаларга мамилесинин кайдыгерлигинин бир булагы – ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын: санериптештирүү процессинин ж.б. окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо; экинчи булагы – жалпы билим берүүчү мектептерде адабиятты, анын ичинде поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак азыркы мектепке өзгөчө мамиле кылууну шарттап, адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

Кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартында «Адабиятты окуу предмети катары үйрөнүүнүн объектиси – кыргыз адабиятынын туундулары (улуттук фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, жазма акындардын поэзиясы, совет мезгилиндеги жазуучулардын чыгармалары, азыркы адабият) жана эне тилине которулган дүйнөлүк классика. Мында, албетте, эне тилинде жазылган чыгармаларды окуп-үйрөнүүгө артыкчылык берилет. Ошол эле мезгилде адабият таануунун айрым үлгүлөрү да бул же тигил чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн окуп-үйрөнүлөт», – деп жазылган. Демек, азыркы адабият деп аталган соңку учурдагы кыргыз адабиятын окуп үйрөнүү, анын ичинде кыргыз поэзиясынын окуу программага сунушталган материалдарын пайдалануу стандарттын талабы болуу менен, алар жаштарыбыздын адабий билимин көтөрүүдө жана турмуштук түшүнүктөрүн байытууда өзгөчө чоң роль ойнойт.

1972-жылы «Кыргызстан» жана «Мектеп» басмалары тарабынан «Поэзия күнү», «Учкуп», «Темир канат» аттуу поэтикалык үч алманах чыгарылган. Бул үчөөнө кыргыз поэзиясынын башы таанылган айтылуу

окүлдорүнон тартып эң жаш авторлоруна чейин киргизилген. Ал жыйнактар кыргыз поэзиясынын ал-абалын, негизги тенденцияларына мүнөздүү болгон ийгилик-кемчиликтерин толук болсо да кадимкидей чагылдырып турат.

Ал эми мектепте XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын адабият программасына киргизилген өкүлдөрүнүн курамын С.Эралиев, С.Жусуев, Б.Сарногоев, Ж.Мамытов, О.Султанов, Э.Ибраев, А.Өмүрканов, Ш.Дүйшеев сыяктуу акындар түзүү менен, алардын чыгармалары жалпы адамзаттын кылым соңунда кабылган коомдук, нравалык-этикалык, экологиялык көйгөйлөрүн философиялык өңүттөн чагылдыруу, алардагы лирикалык каармандын ички дүйнөсүн психологиялык тереңдикте ачуу аракетинин жогорулугу, тарыхый-биографиялык тематикага кызыгуусунун жигердүүлүгү, публицистикалуулугу менен айырмаланат. Аталган акындардын чыгармачылыгы жана бул мезгилдеги адабий процесстин өзгөчөлүктөрү адабият таануу жана адабий сын тарабынан бир топ изилденди.

Кыргыз адабият таануусунда кыргыз профессионал акындардын чыгармачылыгынын теориялык проблемалары, тарыхый онүгүшү, айрым акындардын портреттери бир кыйла изилденген (Абакиров К.А., Жумакадырова К.М., Исаков К.А., Исаева С.Н., Исмаилова Р.У., Култаева Ү.Б., Кулмамбетова Г.Т., Сулайманов М.С., Түлөкабылов М.Т., Оморов А., Эгембердиева А.А. ж.б.) ошол эле учурда, кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминде (Алымов Б., Акматов Б.М., Акматов К.К., Байгазиев С.О., Батаканова С.Т., Исамидинов И.Ч., Иманалиев К., Ишекеев Н.И., Момуналиев С., Муратов А.Ж., Мусаева В.И., Рысбаев С.К., Сакиева С.С., Оторбаев Б., Турдугулов А., Эшиев Ж., Шнейдман Н. ж.б.) кыргыз адабиятын окуутуунун теориялык-методикалык негиздери иштелип чыккан. Билим берүүчү мекемелердеги алдыңкы мугалимдер (Абдесов Н., Исаков Б.С., Сманбаев А.) поэтикалык чыгармаларды окутууда практикалык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Бирок, бул эмгектерде кыргыз адабиятынын, анын ичинде кыргыз поэзиясынын XX кылымдын жыйынтыктоочу этабынын

окутулушу тарыхый-адабий процессте, ошол процесстин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен атайын изилдөөгө алынган эмес. Биздин изилдөө дал ушул кенемтени эске алуу менен жүзгүзүлдү.

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын билим берүүчү мектептердин «Кыргыз адабияты» программасына ошол өткөн кылымдын аяк ченинен тартып гана киргизилген, аларды окутуу процессинде төмөнкүдой карама-каршылыктарга жол берилип келет, алар:

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги жана топтолуп үлгүрбөгөнү;
- тажрыйбалардын иретке салынып жыйынтыкталбаганы;
- XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программаларынан, окуу китептеринен жана окуу-методикалык комплекстерден орун алышына анализ жасалбагандыгы;
- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;
- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;
- адабият мугалимдери кыргыз поэзиясын окутууда теориялык жана практикалык кыйынчылыкка дуушар болушу ж.б.

Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык иштин актуалдуулугун айкындап, изилдөобүздүн темасын **«XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы»** деп алууга түрткү берди.

**2. Изилдоонүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы:** Диссертациянын изилдөө ишинин жүрүшү, алынган натыйжалары жана жыйынтыктары БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын кеңешмелеринде, Кызыл-кыя шаарынын, Ноокат районунун мугалимдеринин методикалык секцияларында, педагогикалык

окууларда, өзүбүздүн сабактарыбызда, эксперименталдык мектептерде (Ноокат районундагы Көк-Жар атындагы инновациялык гимназиясында, Төөлөс айыл өкмөтүнүн Герейт-Шорон атындагы орто мектебинде, Кызыл-Кыя шаарындагы №4 А.С.Пушкин атындагы мектебинде, Кызыл-Кыя шаарына караштуу № 9 Ураим Гулматов атындагы мектептеринде) иштин теориялык жана практикалык сабактарында колдонулган. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы иштелип, мектеп программасындагы кыргыз адабиятынын 70-90-жылдардагы кыргыз профессионал акындардын чыгармаларын окутуунун методикалык системасын түзгөн.

70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы төмөнкү компоненттеринен турат: биринчи поэзиялык чыгармаларды окутуунун максаты, экинчи поэзиянын мазмуну, үчүнчү окутуунун формалары, төртүнчү окутууда колдонуучу каражаттары жана поэзиялык чыгармаларды кабыл алуунун методдору. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектеп окуучулары кабыл алууда поэзиялык түшүнүктөрүн калыптандыруунун системасын иштеп чыгуу процессинде, окуучулардын поэзияга болгон кызыгууларын калыптандырууда салттуу метод менен интерактивдүү методду айкалыштырып сабак берүү негиз болгон көркөм окууну уктуруу, дидиктикалык материалдар, методикалык иштелмелердин, сүрөттөрдүн өз ара биримдиги камсыз болгон.

Изилдөөнүн мазмуну боюнча илимий конференцияларда баяндамалар окулган. Кафедранын жыйындарында талкууланып, ачык сабактар өтүлгөн. Ош, Баткен областарында болгон семинар тренингдерде талкууга алынып, Республикалык жана чет олкөлүк басылмаларда макалалар жарыяланган.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, педагогика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип

ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденди; XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы аркылуу окуучулардын окурмандык, баалуулук-маанилик, адабий чыгармачылык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору, каражаттары аныкталды; изилдөөдө аныкталган натыйжалуу жолдору эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталды.

4. **Изилдоонун практикалык мааниси:**

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктап үйрөнүүдө; 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасын республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, предметтик стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында, мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүү багыттагы методикалык эмгектерди даярдоодо колдонулат.

5. **Автореферattын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдардын баяндоо логикасы үч баптан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен, 3-сүрот, 2-схема, 6-таблицадан турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 168 бетти түзөт.

Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген

талаптан ашкан эмес, изилдөө ишинин мазмунун толук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, өз алдынча аткарылган, толук бүткөрүлгөн иш катары оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

1.Баптардын, бөлүмдөрдүн аталышы абдан узун, кыскартып, формировка жасоо зарыл;

2.Иштин үчүнчү бабынын корутундусун илимий негизге жакындаштырып иштеп чыгуу зарыл;

3.Иштин орфографиялык, пунктуациялык, стилистикалык сабаттуулугун карап, жасалгасын ЖАКтын талабына ылайыкташтырууну сунуштайбыз.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү" жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 7-сентябрында (№ 2- протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1. Сакиева С.С.–педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);
2. Токтогулов С.Т.–педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);
3. Ураимов К.М. –педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
4. Найманбаев М.Ж.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);
5. Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
6. Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
7. Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
8. Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);
9. Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01);
10. Жолдошбаева Р.К.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01).

Отурумдун торайымы, педагогика
илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окумуштуу катчысы,
саясий илимдеринин кандидаты Б.Н.Алымкулов

Дата поступления отзыва в ДС Д13.20.623
10.03.2021 вх 83

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**Тажибаева Уркуя Кочкоровнанын «ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы» деген аталыштагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илнмдерннин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

Азыркы жаштардын басымдуу бөлүгүнүн адабиятка, анын ичинде, ыр түрүндөгү чыгармаларга кызыгуусунун солгундашынын бир булагы – ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо, экинчи булагы – жалпы билим берүүчү мектептерде адабиятты, анын ичинде поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

Тажибаева Уркуя Кочкоровнанын «ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы»деген темадагы диссертациялык иши кыргыз педагогикасындагы актуалдуу темага – ХХ кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тутумун илимий-методикалык жактан негиздеп, аларды окутуу ишинде, педагогикалык ишмердүүлүктө пайдалануунун натыйжалуу методдорун, ыкмаларын иштеп чыгууга жана өркүндөтүүгө арналган.

Диссертант XXI кылымдын башталышында, ага чейин эле мектеп окуучуларынын адабий коркөм эстетикалык маданиятын өркүндөтүүгө,

...ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 90 «10» 05 2021

көркөм адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талаш-тартышка түшүп кабылданбай калгандыгын баса белгилейт. Мындай көрүнүштүн себебин: 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык колдонмосунун жетишсиздиги, 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасынын түзүлбөгөндүгү, кыргыз адабияты мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги, поэтикалык чыгармаларды окутуунун методикалык маселелеринин иштелбегендиги, адабият мугалимдери кыргыз поэзиясын окутууда теориялык жана практикалык кыйынчылыкка дуушар болушу менен түшүндүрөт.

Аныкталган карама-каршылыктардын негизинде диссертациялык иштин темасы «XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы» деп аталып, изденүүчүнүн бул темага кайрылышына түрткү берген.

Илимий иштин: «XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденциялары жана окутуунун теориялык негиздери» деген аталыштагы 1-бабында өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденциялары жана ал мезгилдеги акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү, аларды адабият программасына киргизүүнүн мүмкүндүкторү, 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын түзүүнүн теориялык маселелери каралган. Дал ушуга байланыштуу 70-90-жылдардын аралыгындагы акындардын чыгармачылыгына кеңири токтолуп, ар бир акындын жеке чыгармачылык өзгөчөлүгүн ачып берүүгө аракеттенген. Бул багытта изденүүчү бир топ жетиштүү маалыматтар менен камсыз болгон. Ошол мезгилдин акындарынын жалпы өзгөчөлүгү катары: романтикалуулук, публицистикалуулук, философиялуулук, патриотизм, лиризм, поэтикалык уйкаштыкты бөлүп көрсөткөн. Бул диссертациялык иштин 28-бетинде 1-1-сүрөт менен көрсөтмөлүү берилген.

Илимий иштин “XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын түзүүнүн теориялык маселелери” деген 1-баптын 2-параграфында окутуунун методикалык системасына токтолуп, бул тууралуу окумуштуу-методисттердин ой-пикирин ыктуу берген. Кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы бүгүнкү окуу процессинде актуалдуу маселелердин бири экенин белгилөө менен, изденүүчү иштин 34-бетинде: “окуу процессиндеги ар бир компоненттин окутуунун методикалык системасында мааниси чоң экенин мугалимдер дайым эске алып жүрүүсү зарыл” – деген оюн билдирген.

“Илимий изилдөөнүн жана окутуунун методологиясы менен методдору” аталышындагы диссертациянын 2-бабы, 70–90-жылдардагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун, талдап-өздөштүрүүнүн методологиялык негиздерине, XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын пайдалануу методикасына, педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктарынын тыянакталышына арналган.

Изденүүчү диссертациянын 52-бетинде: “Окуу программасында камтылган поэтикалык чыгармаларды мектеп шартында окуп өздөштүрүүгө карата мамиледе аны талдап анализдөө менен гана чектелгенге болбойт, окутуп-үйрөтүүнүн кайтарымдуулугу андагы адабиятты мектепте окуу предмети катары өздөштүрүүнүн тийиштүү баскычында түздөн-түз тутунган методологиялык жагдайга байланыштуу” – деп белгилейт. Ошону менен катар эле, поэтикалык чыгармаларды билим берүүчү мектептерде окутууга жана талдап өздөштүрүүгө карата методологиялык мамилелер, мугалимдин адабий-педагогикалык ишмердүүлүгүн айкындаган сабактын туура уюштурулушу боюнча акындардын чыгармачылыгынын мисалында абдан ыктуу иштелген маалыматтарды келтирет. Натыйжада, XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын моделин түзүү аракетти алгылыктуу ишке ашкан десек болот. Окутуунун методикалык системасынын модели иштин 67-бетинде 2.1.1.-схемасында көрсөтүлгөн.

Аталган бапта педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары ишенимдүү тыянакталган.

“XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикасы” аталышындагы 3-бапта адабиятты мектепте предмет катары өздөштүрүүнүн адабияттык окуу курсунда поэзиянын урунттуу үлгүлөрүнөн Ж.Садыковдун ыр-жомогун, С.Жусуев, Б.Сарногоев, О.Султанов, А.Өмүркановдун лирикаларын, М.Абылкасымова, Т.Кожомбердиевдин поэмаларын, Ш.Дүйшеевдин пулицистикаларын окутуп-үйрөтүү каралган. Мындагы максат бул поэтикалык туундуларды сабак процессинде заманбап технологиялардын негизинде окутуп-үйрөтүүнүн алгылыктуу метод-ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыгып, иш практикасында колдонууга сунуштар берилген. Кыргыз поэзиясын системалуу курста заманбап талаптарда окутуу, талдап үйрөнүү маселелери каралып, ыр туундуларды инновациялык технологиялардын негизинде үйрөтүп, талдоо, салттуу жана интерактивдик методдор менен окутуу көйгөйлөрүн чечмелөө аракетин көргөн. Бул жаатта диссертант бир топ алгылыктуу иштерди аткарган.

Диссертациянын жаңылыгы катары XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындарынын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү аныкталгандыгын, 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгын, иштелген методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүн белгилөөгө болот.

Диссертант изилдеген темасын ачып берүүдө мектеп окуучуларынын билим деңгээлин, окурмандык кызыгууларын кылдат биле тургандыгын көрсөткөн жана проблемага ошол аспектиден мамиле кылган.

Диссертацияда изденүүчү тарабынан темага ылайык методологиялык эмгектер изилденген жана алардын идеялары ишке сиңирилген. Кыргыз поэзиясын окутууда интерактивдүү технологиялардын үзүрлүү ыкмалары, предметтерди айкалыштыруунун жолдору иштелип чыккан, диссертацияда

адабият мугалиминин ролу өзгөчө орунга коюлган жана аларга методикалык кеңештер берилген,чыгармаларды окутуунун шарттары бир кыйла билгичтик менен иштелген.

Илимий изилдөөнүн теориялык жоболору эмгекте жалпысынан жеткиликтүү жана ынанымдуу чыгарылган.

У.Тажибаеванын диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча мектепте кыргыз поэзиясын окутууну уюштуруу жана өткөрүү боюнча өз салымын кошот деген ойдобуз. Диссертациянын авторефератында изилдөөнүн мазмуну, негизинен чагылдырылган, андан эмгектин логикасын аңдап билүүгө болот. Иштин теориялык ойлору практикада сынактан өткөрүлгөн.

Жарыяланган эмгектердин баары – 17 жана алар теманын негизинде жазылган, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир **кемчилдиктерди жана сунуштарды** айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

1. Диссертациянын 2 жана 3 бабынын жана параграфтарынын аталышында бирин-бири кайталап калган жерлер байкалат. Баптын жана параграфтын аталыштарын кылдат карап, өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл деп эсептейбиз.

2. 2-баптын башталышында изилдөөнүн объектиси жана предмети берилген, бул иштин киришүү бөлүмүндө бар, андыктан аны 2-баптан алып салуу туура болот деп эсептейбиз.

3. Диссертациянын 1-бабынын 2-параграфында окутуунун салттуу жана интерактивдүү методдору тууралуу кеңири маалымат берилген. Окутуунун методдору орус жана ата мекендик окумуштуу-методисттер тарабынан буга чейин кеңири изилденип, жазылып келди. Андыктан буга чейинки изилдөөлөрдү эске алуу менен, аталган маалыматты кыскартуу сунушун бермекчибиз.

4. Диссертацияда айрым орфографиялык каталар кездешет.

Бирок бул кемчилдиктер ишти редакциялоо учурунда арылтууга мүмкүн боло турган кемчиликтер.

**Жыйынтыктап айтканда,** Тажибаева Уркуя Кочкоровнанын «XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын авторефераты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 2.10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору У.К.Тажибаева аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент** Шералиева А.Ж., педагогика илимдеринин кандитаты, М.Рыскулбеков атындагы КЭУнун доценти

подпись Шералиевой А.Ж. заверяю. ст. инсп. ОК

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623
10.09.2021 вх 90

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси:** Ишекеев Назаркул Ишекеевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү.

1. **Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши**

Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" аттуу темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет.

2. **Изилдөөнүн актуалдуулугу:**

Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

- биринчиден, 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги, ал тажрыйбалар иретке салынып жыйынтыкталбагандыгы;

-XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 88 «10» 09 2021

- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган поэтикалык чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;

- аталган багыттагы заманбап технологиялардын иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:**

*-изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

1-жыйынтык: XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрү, тенденциялары, ал мезгилдеги кыргыз поэзиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн чыгармачылыгынын жалпы багыты, анын тематикасы, проблемалуулугу, профессионал акындардын ар биринин жекече чыгармачылык багыттары, өзгөчөлүү почерки аныкталып көрсөтүлгөн;

2-жыйынтык: Окуу процессинде поэтикалык чыгармалардын таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк мүмкүнчүлүгү ачып берилген жана ошого жараша окутуу методдору айкын көрсөтүлүп, анын материалдары диссертацияда кенен берилген;

3-жыйынтык: XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы, (окутуунун максаты, окутуунун мазмуну, окутуунун формалары, окутуунун каражаттары, окутуу методдору, корутундуга келүү), ал тургай, ар бир жазуучунун чыгармачылыгын окуп-үйрөнүүнүн методикалык системасы (М: С.Жусуевдин “Алакан” аттуу чыгармасы боюнча) жана салттуу жана интерактивдүү жолдору ишенимдүү иштелип чыккан;

4-жыйынтык: аталган багыттарда иштөөнүн формалары менен методдору (салттуу: анын ичинен, аңгемелешүү, түшүндүрүү, изилдөө, проблемалык окуу, көркөм окуу ж.б., интактивдүү: эвристикалык баарлашуу, сократтык баарлашуу, ой калчоо, сынчыл ойлом, интерактивдүү лекция, дискуссия-лекциясы, лекция-конференция, лекция-баарлашуу, эссе жазуу,

ж.б.) окутуунун дидактикалык негиздери (окутуунун максатынын так коюлушу, окуучунун ишмердигин туура уюштуруу, зарыл каражаттарды топтоо, колдонуу, окуу процессин максаттуу уюштуруу, методдорду чебер колдонуу, убакытты туура пайдалануу, натыйжага жетүү, критерийлер менен обьективдүү баалоо ж.б.) иштелип чыккан;

Иштелип чыккан бул технологиялар жана ыкмалар эксперименталдык жол менен тастыкталган.

Ушундай жыйынтыктарына карап, аталган диссертациялык иште алгылыктуу илимий жаңылыктар, жаңы идеялар айтылган деп эсептөөгө болот.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделиши жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт**:

**1-жыйынтык:** - XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы тематикасы (поэтикалуулук, романтикалуулук, патриотизм, публицистикалуулук ж.б.), тенденциялары, ал мезгилдеги профессионал акындардын ар биринин жекече чыгармачылык өзгөчөлүктөрү (Б.Сарногоевдин, М.Абылкасымованын, Ж.Мамытовдун, Э.Ибраевдин ж.б.) ар биринин окуу программасындагы берилген чыгармаларынын негизинде аныкталып көрсөтүлгөн;

**2-жыйынтык:** - аталган акындардын чыгармаларын окутууда алардын мектеп программасына кирген чыгармаларынын толук талданышы, анын билим берүүчүлүк, өнүктүрүүчүлүк жана тарбия берүүчүлүк маани-маңызынын (алардын ичинен:идеялык-тематикалык маани-маңызын ачуу, сөз менен иштөө, этнолингвистикага маани берүү, окуу техникасын өнүктүрүү, поэзияны үйрөнүүдө искусствонун башка түрлөрү менен, М: сүрөт жана театр искусствосу менен биргеликте инграциялап иштөө)толук абалы чагылдырылгандыгы;

**3-жыйынтык:** -окутуунун психологиялык негиздерин айкындоо, м.: поэзияны кабылоо, кызыгууну ойготуу, эмоционалдык фон түзүү, чыгарманы сыртынан түшүнүү жана ичинен түшүнүү, анализдөө, талдоо, синтездөө, тыянакка келүү

сыяктуу иш-аракеттердин биримдигине таянгандыгы жана ошого жараша окутууну уюштургандыгы;

**4-жыйынтык:** -окуучунун поэзиялык чыгармаларды окуп-түшүнүүсүнө ылайык методдорду тандоосу (м.:маалымат булагына жараша методдор, өздөштүрүүгө ылайык методдор жана таанып-билүүгө, т.а. эвристикалык таанып-билүү, жарым эвристикалык таанып-билүү ж.б. карата методдор), технологиялар (м.: чыгарманы көркөм окуу, анын негизги идеясын табуу, өзгөчөлүгүн аныктоо, образдарды иликтөө, аудио, видео каражаттарын колдонуу) иштелип чыгып, алар экспериментте жакшы натыйжага алып келген.

## 5. Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:

**1-жыйынтык: жаңы,** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү мектеп програмаммасына ылайык алгач ирет иликтөөгө алынгандыгы;

**2-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы**: 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процессинде таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык багыты көрсөтүлгөндүгү;

-**3-жыйынтык: жаңы,** 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгы;

**4-жыйынтык: жарым-жартылай жаңы**: -иштелип чыгылган методикалык сунуштар учурдун заманбап талаптарына жараша методдор, ыкмалар менен жүргүзүлгөндүгү.

## 6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги:

Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктарды тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо:**

Диссертанттын илимий - изилдөөсүндө XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрү, тенденциялары, ал мезгилдеги профессионал акындардын ар биринин жекече чыгармачылык өзгөчөлүктөрү ар биринин окуу программасындагы берилген чыгармаларынын негизинде аныкталып иштеп чыккан. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:**

-Изилдөөнүн натыйжалары 19 илимий макала жарыяланган. Алардын ичинен 3 макала чет өлкөдөн, 12 макала Эл аралык илимий-практикалык конференциялардын материалдарында опробацияланган жана усулдук 1 колдонмо жарыкка чыкты.

**9. Авторефераттын мазмуну диссертация менен дал келиши:**

Автореферат менен диссертациянын мазмуну бири-бирине шайкеш келет жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

-Окуучулардын поэзиялык чыгармаларды окуп-үйрөнүүдө, алардын кызыгууларын текшерүүдө жана баалоодо атайын критерийлер сунушталган, бирок алар окуучунун билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн баалоону толук чагылдырбайт, т.а. окуучу өз билимин практикада колдоно билүүсү, проблемалуу кырдаалды чечүүсү, чыгармачылыгын көрсөтүүсү байкалбай калган;

- поэзиялык чыгармаларды окуп-үйрөнүү боюнча республиканын мугалимдеринин алдыңкы жаңычыл тажрыйбаларынан сөз кылууда, алардан

так мисалдарды, мугалимдердин өзгөчөлүк ыкмаларын, жаңылыктарын келтирсе болмок;

- поэзиялык чыгармаларды окууда окуучунун көркөм окуусун баалоодо көркөм окуунун методикасын, анын ичинде, окуунун партитурасын, поэзиялык чыгарманын ички методикасын түшүнүү ыкмаларын да колдонсо болмок.

Бирок, бул сын пикирлер корголуп жаткан диссертациянын мазмунуна, анын ийгиликтерине таасир этпейт жана диссертанттын мындан аркы иштеринде эске ала жүрүүсүнө каалоо иретинде айтылды.

**11. КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.**

Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн сунуш кылган “XX кылымдын 70–90- жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы” аттуу деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык диссертациялык иши КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына толук дал келет, ал эми автору Тажибаева Уркия Кочкоровнанын педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жана ыйгарууга толук татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**

“Профессор С. К. Рысбаевдин колун тастыктайм”

КББАнын кадр бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления отзыва в ДС D13.20.623 10.03.2021 вх 88

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ